Европалык эмгек маселелери боюнча башкармалыгы


# Иш сапарга жөнөтүлгөн айдоочулар – өз укуктарыңарды жана милдеттериңерди билгиле

«Айдоочуларды иш сапарга жөнөтүүнүн» жаңы эрежелери 2022-жылдын 2-февралынан тартып күчүнө кирди



ELA
EUROPEAN LABOUR AUTHORITY

# Сиз иш сапарга жөнөтүлгөн айдоочусуз



Эгерде сиз иш берүүчүңүз катталган жерде эмес, ЕБтин башка мүчө-мамлекетинде чектелген мөөнөт ичинде транспорттук операцияларды аткарсаңыз жана сиз төмөнкү операцияларды аткарсаңыз, анда сиз иш сапарга жөнөтүлгөн айдоочу болуп эсептелесиз.

- **Каботаж.** Сиз иштеген иш берүүчү, сиз ички транспорттук операцияларды аткарып жаткан ЕБ мүчө мамлекетинде катталган эмес.
- **Кайчылаш соода түрүндөгү ташуунун түрү.** Эки ЕБ мүчө мамлекеттин же ЕБ мүчө мамлекети менен ЕБге кирбеген өлкөнүн ортосундагы транспорт операциялары жана сиздин иш берүүчү бул өлкөлөрдүн биринде да катталган эмес.
- **Бош сапар.** Жөнөтүү эрежелерине баш ийген каботаж же кайчылаш соода операцияларына байланыштуу ишке ашырылган сапар.
- **Айкалыштырылган транспорттук операциялар.** Эгерде айкалыштырылган транспорттун биринчи же акыркы бөлүгү кайчылаш соода же каботаж операциясы болсо, анда сиз ошол биринчи же акыркы бөлүгү үчүн гана жөнөтүлгөн айдоочусуз.

Жолдон текшерген учурда сиз инспекторго төмөнкүлөрдү көргөзүүгө тийишсиз:

- иш сапар декларациясынын көчүрмөсү (электрондук жана кагаз түрүндө);
- кабыл алуучу мүчө мамлекетте жүргүзүлүп жаткан транспорттук операция(лар)нын далили (мисалы, жол баракчасы); жана
- тахограф жазуусу.

Бул актуалдуу документтердин сизде болушун камсыз кылууга сиздин иш берүүчүңүздүн милдеттүү.

## Сиз кандай сыйакы жана башка эмгек шарттарды алууга укуктуусуз?



Эгерде сиз жөнөтүлгөн өлкөдө жалпы сыйакы жана эмгек шарттары сиздин иш берүүчүңүз катталган өлкөгө караганда жакшыраак болсо, анда сиз жогорку деңгээлдеги

сыйакыга жана жакшыраак иштөө шарттарына укуктуусуз. Эгерде деңгээл жогору болбосо, анда иш берүүчүнүн каттоочу өлкөнүн эрежелери колдонулат.


# Сиз иш сапарга жөнөтүлгөн айдоочу эмессиз

Эгерде сиз төмөнкү транспорттук операциялардын бирин аткасаңыз, анда сиз иш сапарга жөнөтүлгөн айдоочусу эмессиз.

- **Эки тараптуу операция.** Жумуш берүүчүңүз катталган башка өлкөгө (ЕБ ичинде же тышында) ЕБ мүчө мамлекетинен же башка өлкөдөн (ЕБ ичинде же сыртында) жумуш берүүчүңүз катталган ЕБ мүчө мамлекетине кайтуу.
- **Чектелген кошумча жүктөө жана/же түшүрүү иши.** ЕБ мүчө мамлекеттеринде же эки тараптуу операция өткөрүүдө кезип өтүүчү ЕБге кирбеген өлкөлөрдө.
- **Транзит.** ЕБ мүчө мамлекетинин кандайдыр-бир жүктөөсүз же түшүрүүсүз өтүүсү.
- **Бош сапар.** Эгерде сиздин сапар эки тараптуу операцияга байланыштуу аткарылса
- **Айкалыштырылган транспорттук операциялар.** Эгерде айкалыштырылган транспорттук ташуунун биринчи же акыркы бөлүгү эки тараптуу операция болуп саналса, анда сиз ошол биринчи же акыркы бөлүгүн аткарганда гана жөнөтүлгөн айдоочу эмес болуп эсептелесиз.

## Сиз кандай сыйакы жана эмгек шарттарды алууга укуктуусуз?

Эгерде сиз жөнөтүлгөн айдоочу болбосоңуз, анда сиздин жумуш берүүчүңүз катталган ЕБ мүчө мамлекетинин эмгек акысы жана иштөө шарттары сизге кодонулат.



EUROPEAN LABOUR AUTHORITY

**Европалык эмгек маселелери боюнча башкармалыгы**

Ландерерова 12, 811 09
Братислава - Словакия
info@ela.europa.eu

**www.ela.europa.eu**

**«Your Europe» порталынан көбүрөөк билиңиз**

© Европалык эмгек маселелери боюнча башкармалыгы, 2022

Европалык эмгек маселелери боюнча (ELA) башкармалык да, ELA атынан иш алып барган кандайдыр бир тарап да, бул документте камтылган маалыматты пайдаланганы үчүн жоопкерчиликти албайт.

Булакты көрсөткөн шартта гана көчүрүүгө жол берилет. ELA тарабынан автордук укугу корголбогон сүрөттү же башка материалды колдонуу же кайра чыгаруу үчүн автордук укук ээлеринин түздөн-түз уруксатын алуу зарыл.

Сүрөттөргө болгон автордук укуктар: © iStock.com/Hilch

Люксембург: Европа биримдигинин жарыялоо бюросу, 2022

Print ISBN 978-92-9464-816-7 doi:10.2883/851357 HP-01-22-237-KY-C
PDF ISBN 978-92-9464-808-2 doi:10.2883/291215 HP-01-22-237-KY-N